**БЕКИТЕМ**
**Кыргыз Республикасынын**
**Саламаттык сактоо министрлигинин**
**алдындагы Дары каражаттары**
**жана медициналык буюмдар**
**департаментинин**
**директорунун орун басары**
**Бекбоев К.Т.** ________________
**«28» августа 2023-ж.**

# ДАРЫ КАРАЖАТЫН МЕДИЦИНАДА КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА

## НАТРИЙ ГИДРОКАРБОНАТ (SODIUM HYDROCARBONATE)

**Соодадагы аталышы:** Натрий гидрокарбонат (Sodium hydrocarbonate)

**Эл аралык патенттелбеген аталышы:** натрий бикарбонаты

**Дарынын түрү**
Инфузиялар үчүн эритме

***Курамы***
*таасир берүүчү зат:* натрий гидрокарбонат;
1 мл эритмеде 40 мг натрий гидрокарбонаты камтылат;
*көмөкчү заттар:* динатрий эдетат, инъекциялар үчүн суу.
Иондук курамы (ммоль/л): натрий-ион – 477, гидрокарбонат-ион – 477.

**Сүрөттөмөсү**
Тунук, түссүз суюктук.

**Фармадарылык тобу.** Кан алмаштыруучу каражаттар жана тамырга колдонуу үчүн эритмелер. Электролит эритмелери.
**АТХ коду**: B05X A02

**Фармакологиялык касиеттери**
*Фармакодинамикасы.*
Кандын шакар абалын калыбына келтирүү жана метаболикалык ацидозду оңдоп-түзөө үчүн каражат. Натрий гидрокарбонаттын диссоциациясында бикарбонаттык анион бошонот, ал карбон кислотасын түзүү менен суутектин иондорун байлайт, ал болсо андан кийин сууга жана дем чыгарууда бөлүнүп чыккан көмүр кычкыл газга ажырайт. Натыйжада кандын pH шакар тарапка жылат, кандын буфердик көлөмү жогорулайт.

Препарат организмден натрий иондорунун жана хлордун бөлүнүп чыгуусун да жогорулатат, осмотикалык диурезди жогорулатат, зaараны шакардантат, заара чыгаруу системасында заара кислотасынын тунмасын алдын алат. Бикарбонаттык анион клеткалардын ичине кирбейт.

*Фармакокинетикасы.*

Изилденген эмес.

**Көрсөтмөлөр**

Ар кандай этиологиядагы интоксикацияларда пайда болушу мүмкүн болгон компенсацияланбаган метаболикалык ацидоз, операциядан кийинки мезгилдин оор жүрүшү, кеңири күйүк, шок, диабеттик кома, узакка созулган ич өтүү, басылбай жаткан кусуу, курч массивдүү кан жоготуулар, боор жана бөйрөктөрдүн оор жабыркоолору, узакка созулган калтыратма абалдар, жаңы төрөлгөндөрдө оор гипоксиялар. Кандын pH 7,2 ден төмөн болуусу абсолюттук көрсөткүч болуп саналат (нормасы 7,37–7,42).

**Каршы көрсөтмөлөр**

Метаболикалык же респиратордук алкалоз, гипокалиемия, гипернатриемия.

**Башка дары каражаттары менен өз ара таасири жана өз ара таасирлердин башка түрлөрү**

Резерпиндин антигипертензивдик таасирин күчөтүшү мүмкүн.

**Колдонуунун өзгөчөлүктөрү**

Кандын кычкыл-шакар абалын текшерип туруу керек. Жүрөктүн же бөйрөктөрдүн коштолгон оорулары бар бейтаптарда жүрөк жетишсиздиги жана шишимиктер өрчүшү мүмкүн.

*Кош бойлуулук же бала эмизүү мезгилинде колдонуу.*

Кош бойлуулук же бала эмизүү учурунда колдонууга каршы көрсөтмөлөр тууралуу маалыматтар жок, бирок мындай учурларда препаратты этияттык менен жашоо көрсөткүчтөрү боюнча кычкылдык-шакар абалын көзөмөлдөө менен дайындоо керек.

*Авто унааны же башка механизмдерди башкарууда реакциянын ылдамдыгына таасир берүү жөндөмдүүлүгү.*

Маалымат жок.

**Колдонуу жолу жана дозасы**

Эритмени кандын кычкылдык-шакар абалын текшерүү менен колдонуу керек. Чоңдорго көк кан тамыр ичине же ректалдык түрдө тамчылатып дайындоо керек; балдарга – көк кан тамыр ичине тамчылатуу түрүндө. Ацидоздун айкындык даражасына жараша препаратты аралаштырбаган түрдө же 5 % глюкозанын эритмесинде 1:1 ара катышта аралаштырылган түрдө колдонуу керек.

Чоңдорго кан тамырдын ичине минутасына болжол менен 60 тамчы ылдамдыкта, суткасына 200 мл чейин куюу керек. Препаратты кабыл алуунун жыштыгы кычкылдык-шакар балансынын көрсөткүчтөрүнө жараша болот.

Жаңы төрөлгөндөргө кан тамырдын ичине 1 кг дене салмагына 4–5 мл дозада, башка курактагы балдарга – 1 кг дене салмагына 5–7 мл дозада куюу керек.

Препаратты андан кийинки куюу кычкылдык-шакар балансынын көрсөткүчтөрүнө жараша аныкталат. Чоңдор үчүн эң жогорку доза суткасына – 200 мл га чейин. Сактоо мөөнөтү кычкылдык-шакар балансынын көрсөткүчтөрүнө жараша дарыгер тарабынан аныкталат.
*Балдар.* Препаратты педиатриялык тажрыйбада колдонууга болот.

**Ашыкча доза**
Препараттын дозасын жогорулатууда гипералкалоз, тетаниялык карышуулар өрчүшү мүмкүн. Гипералкалоз өрчүгөн учурда препаратты куюну токтотуу керек, тетания коркунучунда чоңдорго кан тамыр ичине 1–3 г кальций глюконатты куюу керек.

**Кыйыр реакциялар**
Көңүл айнуу, кусуу, анорексия, ашказанда ооруксунуу, баш оору, тынчсыздануу. Артериялык гипертензия. Алкалоз, карышуулар.

**Шектүү жагымсыз реакциялар жөнүндө маалымат**
Шектелген жагымсыз реакциялар тууралуу дары препаратынын «пайда-кооптуулук» балансына үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүү, дары каражатын каттоодон өткөндөн кийин кабарлоо маанилүү. Медицина кызматкерлери Кыргыз Республикасынын Жагымсыз реакциялар жөнүндө улуттук маалымат системасы аркылуу ар кандай шектүү жагымсыз реакциялар жөнүндө билдирүүгө чакырылат:
Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Дары каражаттары жана медициналык буюмдар департаменти
http://www.pharm.kg
Мындан сырткары маалыматты электрондук дарек аркылуу жөнөтүүгө болот asia.kppv@uf.ua же төмөнкү телефон аркылуу кайрылса болот: +996 550 740402.

**Жарактуулук мөөнөтү**
2 жыл.

**Сактоо шарттары**
Балдар жетпеген жерде 25 °Сдан жогору эмес аба табында сактоо керек.

**Дал келбестиги**
Натрий гидрокарбонаттын эритмесине кычкыл заттарды (аскорбин, никотин жана башка кислоталарды), алкалоиддерди (атропин, апоморфин, кофеин, теобромин, папаверин), жүрөк гликозиддерди, кальцийдин, магнийдин туздарын, оор металлдарды (темир, жез, цинк) аралаштырууга болбойт, анткени тунма же органикалык байланыштардын гидролизи пайда болушу мүмкүн. Фосфатты камтыган эритмелер менен аралаштырууга болбойт.

**Таңгакчасы**
Резина тыгыны менен тыгындалып, алюминий капкакча жана алюминий-пластик капкакча менен кысылган айнек бөтөлкөлөрдө 100 мл же 200 мл.

**Берүү категориясы**
Рецепт боюнча

**Өндүрүүчү**
«Юрия-Фарм» ЖЧК.

**Өндүрүүчүнүн жайгашкан жери жана ишин жүргүзгөн жеринин дареги**
Украина, 18030, Черкасская обл., Черкассы ш., Кобзарь көч., 108. Тел.: +38 (044) 281-01-01.